# Улуттук банктын ноталары

*(2012-жылдын январь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




2012-жылдын январь айында ноталардын сунуш көлөмүнүн чогуу алгандагы көрсөткүчү өткөн айга салыштырмалуу 23,3 пайызга, 2,7 млрд. сомго чейин жогорулаган. Суроо-талап көлөмүнүн 68,9 пайызга, 4,2 млрд. сомго чейин көбөйүшүнүн алкагында, баалуу кагаздардын сатуулар көлөмү (кошумча жайгаштырууну эске алуу менен) 3,3 млрд. сомго чейин (+89,5 пайыз) көбөйгөн. Өсүштүн негизги себебинен рыноктун бардык сегменттеринде сатуулардын кеңейиши болду: жайгаштырылган жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын көлөмү 78,4 пайызга, 375,1 млн. сомго чейин көбөйгөн, 14 күндүк ноталар – 2,1 эсеге, 730,1 млн. сомго чейин, 28 күндүк ноталар – 84,6 пайызга, 2,2 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Рыноктун катышуучулары боюнча өзгөчө жигердүүлүк эки ири коммерциялык банк жана институционалдык инвесторлордун бири тарабынан көрсөтүлгөн, алардын үлүшүнө баалуу кагаздар рыногунда жайгаштырылган бардык көлөмүнүн жарымынан ашыгы туура келген.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган жалпы кирешелүүлүгү, баалуу кагаздардын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүгүнүн төмөндөөсүнүн натыйжасында 2,0 пайыздык пунктка, 9,8 пайызга чейин азайган. Атап айтканда, жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 1,1 пайыздык пунктка, 6,4 пайызга чейин, 14 күндүк ноталар – 0,5 пайыздык пунктка, 7,9 пайызга чейин жана 28 күндүк ноталар – 2,1 пайыздык пунктка, 11,5 пайызга чейин азайган.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**



Январь айында суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмү[1] өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 68,9 пайызга жогорулоо менен 1,1 млрд. сомду түзгөн, сатуулардын орточо аукциондук көлөмү[1] 46,5 пайызга, 630,2 млн. сомго чейин өскөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү 2,2 млрд. сом деңгээлде түптөлүү менен 61,7 пайызга жогорулаган. Юридикалык жактар-резиденттердин жана жеке адамдар-резиденттердин үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 2,6 жана 0,5 пайыздык пунктка, 4,0 жана 0,5 пайызга чейин өскөн. Сандык көрсөткүчтөрүнүн өсүшүнө карабастан, коммерциялык банктардын атынан чыгуучу негизги ээлик кылуучулардын салыштырма салмагы портфелдин жалпы түзүмүндө 2,6 пайыздык пунктка, 75,4 пайызга чейин төмөндөгөн. Айдын жыйынтыгы боюнча 20,1 пайызды түзгөн (-0,5 пайыздык пункт) институционалдык инвесторлордун үлүшү да төмөндөгөн.

0,19 өлчөмүндө түптөлгөн банктык ноталар портфелинин[2] концентрациялануу индексинин көрсөткүчү рынокто бирдей үлүштөгү беш ири катышуучунун катышуусуна эквиваленттүү концентрациялануунун жогорку деңгээлинин сакталышын көрсөтүп турат.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.02.2011 | 944.9 | 780.3 | 82.6% | 2.0 | 0.2% | - | 0.0% | 162.6 | 17.2% |
| 01.03.2011 | 1052.1 | 639.0 | 60.7% | 51.0 | 4.8% | - | 0.0% | 362.1 | 34.4% |
| 01.04.2011 | 1165.2 | 464.1 | 39.8% | 371.1 | 31.9% | - | 0.0% | 330.0 | 28.3% |
| 01.05.2011 | 738.6 | 334.9 | 45.3% | 0.7 | 0.1% | - | 0.0% | 403.0 | 54.6% |
| 01.06.2011 | 863,7 | 574,2 | 66,5% | 28,5 | 3,3% | - | 0,0% | 261,0 | 30,2% |
| 01.07.2011 | 1093,2 | 611,9 | 56,0% | 177,8 | 16,3% | 1,5 | 0,1% | 302,0 | 27,6% |
| 01.08.2011 | 1360,0 | 919,5 | 67,6% | 3,5 | 0,3% | 2,0 | 0,1% | 435,0 | 32,0% |
| 01.09.2011 | 1357,2 | 899,5 | 66,3% | 55,9 | 4,1% | 0,8 | 0,1% | 401,0 | 29,5% |
| 01.10.2011 | 1368,4 | 1055,2 | 77,1% | 49,1 | 3,6% | 0,1 | 0,0% | 264,0 | 19,3% |
| 01.11.2011 | 1738,2 | 1345,4 | 77,4% | 42,7 | 2,5% | 0,1 | 0,0% | 350,0 | 20,1% |
| 01.12.2011 | 1732,4 | 1215,8 | 70,2% | 49,6 | 2,9% | - | 0,0% | 467,0 | 27,0% |
| 01.01.2012 | 1366,4 | 1065,3 | 78,0% | 19,4 | 1,4% | 0,2 | 0,0% | 281,5 | 20,6% |
| 01.02.2012 | 2209,5 | 1666,1 | 75,4% | 88,0 | 4,0% | 10,3 | 0,5% | 445,1 | 20,1% |

[1] Бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат, анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруксуз өлчөм болуп саналат.

[2] Аталган индекс банктар портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээли көрсөтүлөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаля-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.